## *Даанышман*

Сөзү,обону: Баетов Муса

Атыңды угуп алыстан,

Айылыңдан чоочуйм барыштан.

Ашыктык оту желимдей,

Ансайын мага жабышкан.

Аман бол кайта көргөнчө,

Асылкеч курбум, Даанышман.

Айылын алыс болбосо

Кай жерде көңүл кагышкан.

Кабарың угуп алыстан,

Калкыңдан чоочуйм барыштан.

Ашыктык отун күйгүзүп,

Кайгыртып мага жабышкан.

Кош болгун кайра көргөнчө,

Кадыркеч курбум, Даанышман.

Капасы калбай жүрөктө,

Каалаган күнү таанышсам.